Бишкек техникалык колледжинин педагогикалык кеңешмесинин

№ 02/23жыйынынын протоколу

Бишкек шаары 30.06.2023ж.

Төрага- Келебаев.К.К.

Катчы – Отунчиева.Д.А.

Катышкандар : 33

Күн тартиби :

1.2022-2023 окуу жылдын жыйынтыгы боюнча отчет

2.1.2023-2024 окуу жылына карата даярдык

2.2.2023-2024окуу жылына карата окутуучулардын окуу жүктөмдөрүн алдын ала бөлүштүрүү

2.3.Аудиториялардын учурдагы ремонту

3.Ар түрдүү маселе:

а) 2023-2024окуу жылына карата кабыл алуу жөнүндө

б) Эмгек өргүүсү боюнча маалымат

Угулду :Долотов.М.М:

Окуу процесси салттуу формада уюштурулду.Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык бардык адистиктер боюнча окуу пландары кайра иштелип чыкты. Түзүлгөн окуу пландарына ылайык бюджеттик жана контракттык окуу тайпаларына окуу сааттарын эсептөө жана бөлуштүрүү жүргүзүлдү.Окуу жүктөмдөрү колледжин окутуучуларынын ортосунда болуштүрүлдү жана окуу жайдын диреторунун буйругу менен бекитилди.2022-2023 окуу жылына пландалган окуу жүктөмдөрү жана аны ишке ашыруу төмөнкү таблицада көрсөтүлдү:

| № П/П | Окуу формасы | Мерчемделди | Аткарылды | Айырма | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | абсалюттук | %тик |
| 1 | Бюджет | 16030 | 15260,1 | -769,9 | 95,20 |
| 2 | Контракт | 18052 | 16545 | -1507 | 91,65 |
| | Жалпы | 34082 | 31805,1 | -2276,9 | 93,32 |

Таблицадагы маалыматтардан көрүнүп тургандай ,колледжде окуу жүктөмүнүн аткарылышы 93,32% аткарылды,тактап айтканда 6,68%же 2276,9саат аткарылган эмес.

2022-2023 окуу жылында мерчемделген окуу жүктөмдөрүнүн ичинен бюджет боюнча жалпы 775,1 саат окуу жүктөмү ал эми контракт боюнча 1513 саат окуу жүктөмдөрү жалпы 2288,9 саат окуу жүктөмү аткарылбай калды.Бул окуу жүктөмдөрдүн ичинен бюджет боюнча 512 саат окуу жүктөммү 211-ТЭС тайпасынын жабылгандыгына байланыштуу экинчи жарым жылдыкта аткарыла турган окуу жүктөмдөрү кыскартылды.Окуу жылынын башында мерчемделип жаткан МАК жүктөмдөрү техникалык катачылыктан улам эки жолу мерчемделип калган.Бюджет боюнча 220 саат окуу жүктөмү,контракт боюнча 1140 саат окуу жүктөмү.Ал эми МАКка мерчемделген окуу жүктөмдөрү окуган студенттердин саны азайып кетендигине байланыштуу бюджеттен 21,9 саат,контракттан 353 саат окуу жүктөмдөрү аткарылбай калды.Жалпы окутуучулар бюджет 22 саат окуу жуктөмү,контракт боюнча 20 саат,жалпы 42 саат отүлбөй калды.Бул окуу жүктөмдөрүнүн аткарылбай калгандыгы окутуучулардын ооруп калгандыгына жана башка себептерден улам ушундай жыйынтыктар болду.

Садыкбаев.Н.Т.:Студенттердин контингенти 2022-жылдын 1-сентябрына карата 994 студенти туздү,анын ичинен:бюджет боюнча-192 студент,контракт боюнча-802 студент. Башка окуу жайлардан которулуу менен алынган -2 студент.Калыбына келтирилген-1окуучу,өз каалоосу менен 43 студент окуудан чыгарылган.УВСКнын чечими боюнча-88 окуучу.Анын ичинен:бюджет боюнча-10студент,контракт боюнча -78 студент.Бүтүрүүчүлөр-299студент.

2023-жылдын 1-июлуна карата студенттердин жалпы саны 542 студент.анын ичинен :бюджет боюнча -124 студент,контракт-418студент.Студенттердин жалпы саны-659,сабактарга катышуусу-65,02% , жетишүүсү-77,31% түзөт.

Модулдук рейтинг системасы 2020-2021окуу жылынан баштап БТКда киргизилген,дисциплиналар боюнча рейтингдик пландар иштелип чыккан.Ар бир модул 40баллдан ,анын ичинен аудитория иш5балл,тесттик контролдоо-5балл,СӨАИ-5балл,катышуу-5балл,жазуу жүзүндөгү контролдоо -20балл.Жыйынтыктоочу контроль (экзамен)-20баллды түзөт.Окуучулардын чыгармачылык ишин жандандыруу үчүн 10кызыктыруучу пунт колдонулат.

Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын төрагалары буйруктун негизинде бекитилген.МАКтын программалары иштелип чыккан,БТК ПК каралып ,директордун окуу иштери боюнча орун басары ДОлотов.М.М. тарабынан бекитилген.

Садирова.М.А: Окуу тарбия иштеринин жылдык планы бекитилип ,ар бир тайпанын кураторлору дайындалды.

1-сентябрь “Билим күнүнө салтанаттуу кече”уюштурулду.Окуу жайда 23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнүн 33жылдыгына карата бир айлык жарыланды.

5-октябрь “Билим берүү тармагынын кызматкерлеринин кесиптик майрамына”карата мугалимдер күнү окуу жайыбызда белгиленди.

Октябрь айынын 19.10.2022ж.Жаштар кеңешинин жыйынында директордун окуу иштери боюнча орун басары М.М.Долотовдун катышуусунда ар бир тайпанын башчылары ,актив колледж студенттери жолугушуу орун алды.

Сергек жашоо дени сак балдар кыздар тарбиялануу максатында жалпы колледждин тайпалар ортосунда Футбол оюнунун биринчилиги жарыяланды.17-ноябрь “Студенттер күнү” окуу жайдын маданий залында белгиленди.1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИД менен күрөшүү күнүнө карата ар бир тайпанын студенттерине тарбиялык сабактар өткөрүлдү.

12-декабрь Ч.Айтматовдун туулган кунүнө карата “Көктөгү жылдыз”аттуу адабий кечэ өткөрүлдү.21-декабрда КРнын ЖКдепутаты Кадырбеков.Н.К.катышуусунда “Китеп күчү” аттуу жолугушуу кече уюштурулду.21-февраль “Эл аралык Эне тили күнүнө”карата тилге арналган кече өткөрүлдү.4-март күнү жалпы ишембилик болду.5-март Ак калпак күнүнө карата ар бир тайпада тарбиялык сабактар орун алган.БТК студентттер кенешинин активдери коллеждин иш чараларына активдүү катышып келе жатышат.2022-2023 окуу жылынын жыйынтыгында студенттер жана ата энелер менен тыгыз байланышта мыкты иштеген кураторлор төмөнкүлөр эсептелди:Омуралиева.З.М.-203ПО-1-78,35%,СтаценкоС.В.-103ПО-76,54%,Кылыйева.Н.Ж.-204ТО-76,12%.

Садыкбаев.Н.Т.:Колледжде АВН маалымат системасы 2017-жылдан бери иштеп келет.Окутуучулар сайтка аркылуу өзүнүн баракчасына кирип:сабактардын жадыбалы,жаңылыктар,жеке жүктөмүн таанышып,электрондук журналды,ведомосту колдоно алышат.Окуу методикалык материалдарын,көрсотмөлөрүн жүктөп,студенттер менен аралыктан маалымат алмаша алышат.АВН маалымат системасы окуу процессин ишке ашырууда чоң жеңилдиктерди алып келүүдө:студенттердин кыймылы,жетишүүсү,сапаты,окуу методикалык материалдар менен жабдылышы,окуу акысынын толөмү ж.б.у.с.

Келебаев.К.К.:И.Раззавко атындагы КМТУнун ректорунун 2023-жылдын 5 -июнундагы №1/127 КМТУнун орто кесиптик билим берүү программаларын оптималдаштыруу жөнүндө буйругунун негизинде 2023-2024 окуу жылындагы БТК төмөнкү адистиктер боюнча кабыл алуу ишке ашырат:

1.Мехатроника жана мобилдик робототехника

2.Тармакты жана системаны башкаруу

3.Программалык инженерия

4.Экология жана энергетикалык натыйжалуулук

5.Биотехникалык жана медициналык аппараттар жана системалар

Окуу пландары КР БИлим берүү жана илим министрлиги менен макулдашылды.И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору тарабынан бекитилди.Аталагн адистиктер боюнча тиешелүү документтер даярдалып КР ББИМ лицензия алуу максатында жөнөтүлдү.

Ар бир баяндамачынын ишине суроо жооптор менен талкууланып жыйынтыкталып жатты.Жалпы добуштун негизинде төмөндөгүдөй чечим кабыл алынды:

1.2022-2023окуу жылына карата түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан берилген отчеттор канааттандырарлык деп табылсын

2.1.2023-2024 жаңы окуу жылына даярдык көрүү боюнча айтылган бардык сунуштар эске алынсын

2.2.2023-2024 окуу жылына карата окутуучулардын окуу жүктөмдөрүн алдын ала бөлүштүрүү эске алынсын

2.3.Учурдагы оңдоо иштери үчүн жоопкерчилик И.Тайлаевге жүктөлсүн

3.1.Айтылган сунуштар эске алынсын

3.2.2023-2024 окуу жылына кабыл алуу боюнча белгиленген сунуштар каьыл алынсын

3.3.Эмгек өргүүсү боюнча маалымат эске алынсын

Төрага: К.К.Келебаев.

Катчы: Д.А.Отунчиева.